# “Салам-салам”

**Сөзү: Марсгүл Абылова**
**Обону:Туратбек Дүйшеев**

Арыбагын куттуу элим салам-салам,
Амандашып алуу үчүн таштап кадам.
Элибизде тынчтык болсун бейкутчулук,
Кабыл алган айтып келдим салам-салам.

Теңир тоодон алып келдим ысык салам,
Кең мекеним борборумсуң сенсиң калаам.
Жети дубан урпактарын чогултушкан,
Ыр сунайын Бишкегиме ыйык салам.

Ысык-көлүм ыйык көлүм сага салам,
Жүзүм чайып алайынчы жолдоп салам.
Манас Чынгыз Байырлаган Талас жерим,
Таазим кылып айтып келдим жалын салам.

Оштун пири Сулайман тоо салам салам,
Жер жемиштүү Жалал-Абад сага салам.
Толкуп ташкан Нарыныдын дайрасындай,
Тоолук элдин баарысынан тегиз салам.